

# ЖАҢЫ ИШКАНАДА АЧЫК ЭШИК КҮНҮ ӨТКӨРҮЛДҮ

**Ивановка айыл аймагына караштуу ст.Ивановка айылындагы инвесторлор тарабынан жүндү жууп тазалоочу цехин ишке киргизүү каралууда. Райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимдин демилгеси менен ишкана алгач айыл тургундарынын, райондук тийиштүү кызматтардын жетекчилеринин катышуусунда ачык эшик күнүн өткөрдү.**

"Мин Лу" жоопкерчилиги чектелген коому Кыргыз Республикасында катталган жана өлкөнүн мыйзамдарынын негизинде иш алып барат. Ачык эшикте айыл тургундары алдын ала жасалып жаткан иштер, цехти жайгаштыруу жана кандай иш алып бара тургандыктары менен таанышып чыгышты.

Келечекте ачыла турган цехте жүндү жууп-тазалоо иштери жүргүзүлөт. Учурда цехти ишке даярдоо үчүн 45 адам эмгектенип жатат. Негизинен цех ишке берилсе 110 адам жумуш оруну менен камсыздалат. Иштеген адамдардын 99 пайызын жергиликтүү тургундар түзөт. Эки смен мене иш жүрүп, эртең мененки, түшкү, кечки тамактары ишкананын эсебинен бекер берилет.

Ишканын жергиликтүү калкты иш орду менен гана камсыздабастан айылда өткөрүлө турган иш-чараларга, ден соолугуна байланыштуу каражатка муктаж адамдарга жардам көрсөтүп келет.

Айыл тургундарына ишкана экологиялык зыян алып келбей турганын, жүндү кадимки эле шампунь, кир жуучу кара-жаттар менен жууп, чыккан кир сууну кайрадан тазалап иштетүү каралганын түшүндүрүп беришти. Тийиштүү документтер толукталгандан кийин ишкана толугу менен ишке берилишин айыл тургундары толугу менен колдошту.

***Өз кабарчы.***

